PREMIUM
development
строительная компания

**«ПРЕМИУМ ДЕВЕЛОПМЕНТ»**
**ИНН 02803201210291**
**Адрес: Кыргызская Республика, г. Бишкек ул. Токтогула 110**
**Тел.: +996 312 88 88 11**
**e-mail: info@premium.kg**

*исх. № 290 от « 18 » января 2021г.*

**Ыссык-Көл индустриалдык –**
**педагогикалык колледжинин**
**директору Жумабаева Б.А.**

Сиздердин №01-13/26 11.01.2021-жылдагы кайрылуунуз менен таанышып, окуу жайдын терезелерин алмаштыруу үчүн 130 000 (жүз отуз миң) сом өлчөмүндөгү каражат бөлүп берүүгө даярбыз.

Сиздердин окуу жайыңыздарга ийгилик каалап, келечекте өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошо турган мыкты адистерди даярдап чыгууңуздарга тилектешпиз.

**«Премиум Девелопмент» ЖЧМнин**
**башкы директору**
**Давлетов С.Т.**

**М.П.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЫСЫК-КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**
721900 Балыкчы ш. Аманбаев көч. 208,
тел.- факс (03944) 4-00-59
ikipk-balykchy@mail.ru
Расчеттук эсеп 4404061101002310
БИК 440406; ИНН 00906199410030
ОКПО 20035644

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ИНДУСТРИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ КОЛЛЕДЖ**
721900 г. Балыкчы ул.Аманбаева 208
тел.- факс: (03944) 4-00-59
ikipk-balykchy@mail.ru
Расчетный счет 4404061101002310
БИК 440406; ИНН 00906199410030
ОКПО 20035644

11.01.2021-ж. № 01-13/26
________№ ______________

**«Премиум Девелопмент» ЖЧМнин**
**башкы директору**
**Давлетов Санжарбек Туратбековичке**

**Кайрылуу кат**

**Урматтуу Санжарбек Туратбекович!**

Ысык – Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарында жайгашкан мамлекеттик орто окуу жай.

Аталган окуу жайдын билим берүү чөйрөсүнө кызмат көрсөтүү менен, өзүнүн ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүп келе жаткандыгына 35 жыл болду.

Ысык –Көл жана Нарын областынын жакынкы райондорундагы жаштардын билим алуусуна ылайыкташтырылган, жашоого жеңил, окуу төлөмү төмөн жана географиялык жактан жайгашуусу боюнча да абдан ыңгайлуу. Бул окуу жай карапайым элдин балдарынын билим алуусу үчүн кызмат кылган эң керектүү окуу жайлардын катарын толуктайт.

Мамлекет тарабынан окуу жайдын материалдык-техникалык базасы өз деңгээлинде каржыланбандыгына , эмгек акынын аздыгына карабастан, окуу жай келечектеги жаштардын татыктуу билим алуусу үчүн колдон келген шарттарды түзүп берүүгө, азыркы эмгек рыногу талап кылган адистерди даярдоого, сапаттуу билим берүүгө аракет кылып, өлкөбүздүн билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө өз салымын кошуп келе жатат.

Окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн үзгүлтүксүз аракеттерди жасап, долбоорлор менен иштеп, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин колдоосу жана өлкөбүздөгү ийгиликтүү ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан ири курулуш компанияларынын жардамы менен өзүнүн базасын чыңдоо менен катар, билим берүү жаатында алгылыктуу иштерди аткарып келе жатат.

**Урматтуу Санжарбек Туратбекович!**

Сиздердин мекеме да өлкөбүздө жалпы коомчулукка белгилүү , элге кызмат көрсөтүп келе жаткан ийгиликтүү ири ишканалардын бири катары таанымал.

Быйылкы оор кырдаалга карабай ишибизди улантып, окуу жайдын терезелерин замандын талабына ылайык терезелерге алмаштыруу үчүн каражат издеп, сиздердин колдоонуздарга муктаж болгондуктан , жардам сурап кат аркылуу кайрылууга аргазсыз болуп жатам. Мүмкүнчүлүгүңүзгө жараша колдоо көрсөтүүңүздү суранам.

**Сизди мамлекетибиздин өнүгүүсү үчүн алгылыктуу иштерди аткарып, жаштарыбызга жумуш орундарын түзүп, элибизге кызмат көрсөткөн алдыңкы ишкер катары урматтайм. Биздин окуу жайга демөөрчүлүк көрсөтүп, келечектеги жаштардын билим алуусуна кайдыгер карабай, колдоо көрсөтөт деген терең ишеничтемин.**

**Сизди урматтоо менен**
**Директор** **Б.А. Жумабаева.**